Абакиров К.
*Ж.Баласагын ат. КУУ*

# «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ОБРАЗДАРДЫН ТИПТЕРИ

Дегинкиси, улуу «Манас» эпосунда кандай каармандар, алардын кандай типтери бар деген мыйзам ченемдүү суроо коюп, **адегенде аларды адам жана адам эмес кейипкерлер деген эки чоң топко ажыратып алып,** чыгармада катышуу деъгелине карабай (туруктуу, эпизоддук, бир аталуу менен кайра эскерилбеген ж.б. кейипкерлер) аларды бөлүштүрүп, учкай мүнөздөп көрөлү. Алар кайсылар?

**I. «Манастын» негизги каармандары, ириде – ал баяндаган жоокердик замандын рухун чагылдырган баатырлар.** Бирок алардын баатырдыгы, ошол баатырдыкты көрсөткөн чен-өлчөмдөр бардыгында бирдей эмес. Манас, Бакай, Кошой, Чубак, Алманбет, Сыргак, Коңурбай, Ажыбай, Эзкара, Кутубий, Жолой, Нескара жана башка дагы бир катар каармандар ар бири өз максат-мүдөөсү үчүн жан аябай күрөшкөн чыныгы баатыр катары сыпатталып, баатырдык, эрдик тууралуу элдин көз карашын чагылдырса, Кошой, Бакай, Акбалта, Кайыпдаъ, Төштүк, Эсенкан сындуу бир катар каармандарда баатырдык сапаттар керектүү ыңгай-шартка жараша гана көрүнөт да, алардын бирине акылмандык, чечендик, көрөгөчтүк, экинчилерине тескерисинче, карөзгөйлүк, саткындык, коркоктук, эгоизм өңдүү сапаттар көбүрөөк мүнөздүү. Баатырдык менен бирге ар башка өнөрлөрү, кыял-жоругу бар чоролор, душмандар тарабындагы ага теңдеш каармандар деле ушундай сыпатта тартууланат. Керек жерде баатырдык сапаттарга Каныкей, Кыз Сайкал, Карабөрк жана башкалар да эгедер болот.

**“Баатырдык күч өз курамына үч ченемдин биримдигин камтыйт: биринчиси – баатырдын жеке касиет-кубаты, экинчиси – минген атынын керемет күчкө эгедерлиги, үчүнчүсү – асынган курал-жарагынын өзгөчө касиет-сыпатта болушу. Ушул мүнөздөмөгө кыргыз эпосторунун стадиалдык өнүгүүсүндө дагы баатырды кыйчалыш, кыйын кырдаалдарда жандап-колдоп жүргөн көзгө илээшпес сыйкырдуу кереметтер, ыйык күчтөр кирет”** [1,76-б], - деп белгилүү фольклорист Р.Кыдырбаева белгилегендей, кантсе да баатырлар эпостогу окуялардын негизги кыймылдаткыч күчү иретинде чыгып, анын борборунда турат да, анын тегерегине калган кейипкерлер топтоштурулат. Алардын бирине байланышпаган, тиешеси болбогон окуялар дээрлик жок десек болот. Жоокерлер, негизинен, ички жана тышкы согуштар менен алек болушат. Бирок алардын көбүнүн өзүнө гана таандык өнөрү, башкалардан аны айырмалаган артыкчылыгы бар (тилмеч, ырчы, чечен, элчи, комик-күлдүргүч, саяпкер, чабарман ж.б.).

Өзү сыяктуу оозеки эпиканын үлгүсү болгон башка чыгармалардан «Манастын» өзгөчөлүгү анын доорду, турмушту, окуяларды, ошондой эле каармандарды калыс, адилет баян эткен реалисттик же эпикалык реализми күчтүү чыгарма экендигинде жатат. Эпосто каармандар жомоктогудай бир жактуу, жакшы-жаман дегендей бир ыңгай сүрөттөлбөйт. Жакып, Манас, Чубак, Кыргылчал, Коңурбай, Ажыбай, Бакай, Эр Агыш жана башка каармандардын ар бири оң-терс касиет-сапаттардын аралашмасынан турат, бирок алардын бири (оң же терс) басымдуулук кылат. Турмуштагы адамдар деле ошондой экенин эске алсак, чыгарма мифологизмдин, фантастика-жомоктуулуктун элемент-терине карабай, канчалык эл турмушуна жакын экендиги, анын эмоционалдык-экспрессивдүүлүгүнүн сыры түшүнүктүү болуп калат. Маселен, эпостогу каармандардын баатырдык сапаттары дүңүнөн топтоштурулган даңазалуу жоокерлер **кырк чоро** болуп эсептелет.

Кан Манастын кырк чоро
Чөп кеч десе, өрт кечет,
Суу ич десе, уу ичет,
Бөрк ал десе, баш кесет [2, 416-б.].
Кырк чоронун баарысы
Узун бойлуу, кең далы.
Ары балбан, ары шер
Көрсө кумар кандырган
Баары мырза көйкашка…
Жети сан кара кол чыкса
Желбегей кирип кол салчу [2, 449 б.].

Эпикалык салтка жараша кырк чорого ушундай жалпы мүнөздөмө берилгени алардын баары бир типтүү, бири-биринен айырмасы жок каармандар дегендикке жатпайт. Башында «кабылан Манас шерине каары толук кырк баатыр курман болуп кеткидей» деп баяндалат да, алар баары бирдей эместиги («кырк чоронун ичинде нелер бар да, нелер жок») маалымдалат. Бирок алардын баатырдыгы жана адамдык нарк-насили окуялардын кийинки өрчүшүндө, «бири-бирине болгон мамилелеринде» (Р.Кыдырбаева), түрдүү кырдаалдарда гана ачылат. Ошентип, кырк чоро **канкор, анткор, камбыл, даңгыл, ыктуу, мыктуу, аалым, залим, кара нээт, болбос, оңбос, аңкоо, жалкоо, улук, бузук, касап, азап, даанышман** дегендей **«кыркынын жөнү кырк башка»** баатырлар болуп чыгат жана ошого жараша манасчылар алардын баардыгын текши сыпаттабайт, бардыгына тең салмактуу көңүл бурулбайт. Бул мүмкүн да эмес. Эгерде чоролордун бардыгынын тек-жайы, кыял-жоругу, баскан жолу, эрдиктери же кемчиликтери үзгүлтүксүз сүрөттөлүп отурса, эпос өзүнүн чулу, монолиттүү мүнөзүнөн ажырап, чаржайыт баянга айланып кетмек. **Демек, бул жерде аң-сезимдүү түрдө адам мүнөздөрүн тандоо, образдарды чыгармачылык менен типтештирүү процесси ишке ашкандыгын көрөбүз. Ал, албетте, көркөм адабияттагыдай эмес. Бирок анын кадыресе бүчүрлөп калган абалына жакын турат.** Ушул себептен улам, «Манаста» Кыргылчал, Ажыбай, Кутубий, Эр Шууту, Чубак, Сыргак, Алмамбет, Тазбаймат, Ырчы уул (ж.б.) сыяктуу кулк-мүнөздөрү, аткарган иштери, милдеттери бири-бирине окшобогон, бири-бирин кайталабаган чоролордун образдарына көбүрөөк басым жасалып, алар кыйла ар тараптуу жана терең ачылып, жандуу, эмоционалдык-экспрессивдик таасири күчтүү деңгээлге жеткирилет. Ошол эле учурда алар белгилүү деңгээлде индивидуалдаштырылган (эпикалык салтка ылайык) баатырлардын типтүү образдары болуп эсептелет.

Чоролордун башын бириктирген баатырдык сыпат ар башка ракурстан берилет. Бул да «Манас» эпосунун башка баатырдык эпостордон айырмаланган артыкчылыгы болуп саналат. Ал эми Жолой, Нескара, Эр Дөңгө, Каман алп, Каражой, Кочку, Орго, Эзкара (ж.б.) сындуу терс каармандар жогоркудай деңгээлде жекелештирилбей, кыйла бир жактуу, бир түстүү сүрөттөлгөнү байкалат. Мындан эпосту жараткан эл «душман деген душман, түп максаты баскынчылык болгон баатырлардын иш-аракети, кулк-мүнөзү да окшош, өтө жакын» деген көз карашты карманган өңдөнөт деген бүтүм келип чыгат. Ошол эле учурда эли-жерин коргоо үчүн же анын коопсуздугун камсыздоо үчүн башын канжыгага байлаган баатыр чоролордун образдары аркылуу жоокердик замандагы кыргыз элинин дээрлик бардык катмарлары, баатырдыктан тышкары оң-терс, же алардын аралашмасынан турган адамдык нарк-насилдин көп түстүүлүгү, сыртынан байкала бербеген татаалдыгы жана терендиги байкалат. Демек, бул маселе ошол эпосту жараткан эл үчүн өтө маанилүү болуп, ал көркөм адабияттагыдай деталдаштырылбаганы менен,

көпчүлүк баатырдык эпостордон айырмаланып, өнүмдүү жолдо турганын көрөбүз.

**Каармандарды, эреже катары, максат-мүдөөлөрүнүн, иш-аракетинин гумандуулугуна же карөзгөйлүгүнө карай оң жана терс каармандар, кезегинде, терс каармандарды ички жана тышкы душмандар деп бөлүштүрүү кабыл алынган. «Оң жана терс» түшүнүктөрү баатырларга гана эмес, чыгармадагы бардык персонаждарга тиешелүү болуп эсептелет.** Бирок «оң жана терс» түшүнүгүнүн чыныгы маңызы так ушул баатырлардын образдарынан айрыкча таасын көрүнөт. Белгилей кете турган нерсе, өзүбүздүн жана башка элдердин көптөгөн баатырдык эпосторундагыдай «Манастагы» образдардын көбү баштан-аяк статикалуу эмес, башкача айтканда, анда фольклордун «башынан жакшы, оң болсо - биротоло оң, жакшы; башынан жаман, терс болсо - биротоло жаман, терс» деген принциби сакталган эмес. Тескерисинче, каармандардын көбү эволюциялык процессте сүрөттөлөт. Тигил же бул каарман улам кийинки иш-аракеттерде мурда болбогон сапатын ачыкка чыгарып, адам катары өз жүзүн ар тараптуу көрсөтө берет. Жакып, Кыргылчал, Чубак, Алмамбет, Каныкей, Эр Көкчө, Коңурбай, а түгүл, Манастын өзү да оң же терс жагына өсүп-өнүгүү процессинде берилет. «Семетейдеги» Канчоро, Күлчоро да ушундай. Маселен, башында айрым кемчиликтерине карабай оң сыпатталган Жакыптын, Кыргылчалдын, Акылайдын чыккын-чыларга айлануусу жасалма жол менен эмес, табигый түрдө ишке ашат же проф. Р.Кыдырбаева жазгандай: «Все это говорит о художественном сдвиге в эволюционом процессе эпоса, когда на смену в изображении человека внешних качеств, приходит более глубинное, психологически мотивированное изображение» [3, 102-103-б.]. Бул жагынан алганда, «Манас» сыяктуу нагыз реалисттик эпиканын үлгүсү дүйнө элдеринде дээрлик кездешпейт десек, аша чапкандык болбойт.

**«Манаста» нагыз баатырдык курагы өтүп кетсе да,** «бөрү карыса, бир койлук алы бар» дегендей эрдиги, чапчаңдыгы, намыстуулугу, балбандыгы кайсы бир шарт-кырдаалда жарк этип көрүнө калган Төштүк, Кошой, Бакай, Жамгырчы, Акбалта, Музбурчак, Үрбү өңдүү (ж.б.) бир катар каармандар бар. Алардын адамдык нарк-насили, көздөгөн максат-мүдөөлөрү ар башка, бир кылка эмес. Чыгармада баатырдык, эрдик көрсөтүү эмес, зарыл жерде алар акыл-айла таап, туура жолду тандап, тигил же бул маселенин алгылыктуу чечилишин камсыздаган кеңешчилик, элчилик, чечендик (ж.б.) иштерди аркалашат. Аргасыз шарттарда Кошой сыяктуу күрөшкө түшүп, Акбалта, Бакай сыяктуу кызыл кыргын согушка кирип кеткен учурлар да бар. Булардын көбү чыгармага баштан–аяк катышкан, окуялардын өнүгүшүнө, конфликти-лердин чечилишине зор салым кошкон каармандар иретинде баатырлар, айымдар, тулпарлар сыяктуу персонаждардан кийин же аларга дээрлик теңчамал абалда турушат. Манастануучулардын бардык эмгек-теринде баатырлардын образдары тууралуу узун же кыска, кеңири же учкай болсо да сөз болот [4]. Себеби эпостогу баатырлар анын нагыз түркүгү болуп эсептелет. Бирок так ушул баатырлардын образдарын терең жана кеңири иликтөөгө алган эмгектер аз экендиги байкалат. Окуу китептериндеги жана жалпылоочу эмгектердеги (В.Жирмунский, М.Ауэзов, М.Богда-нова, Б.Юнусалиев, К.Рахматуллин, С.Мусаев ж.б.) омоктуу ойлорду эске албаганда, бул багытта жогортодо сөз болгон Р.Кыдырбаеванын, М.Жумагулов менен Г.Кудабаеванын жана Алманбет жөнүндөгү Р.Сарыпбековдун эмгектерин гана бөлүп көрсөтүүгө болот. Ал эми Ш.Акмолдоева, М.Борбугулов, Э.Абдылдаев, Т.Абдыракунов, Жаң Йанпин, А.Боровков, М.Мамыров, А.Сыдыков ж.б. өңдүү манасиликтөө-чүлөрдүн эмгектеринде баатырлардын образдары кайсы бир урунттуу маселелердин тутумунда караштырылат да, образдардын табиятын түшүндүрүү ошол маселелердин көлөкөсүндө калып, аларды айкындоого баш ийдирилип калат.

**II. «Манастагы» өзөктүү каармандардын тобун, шексиз түрдө, аялдардын**

**образдары түзөт.** Саны боюнча да алар баатырлардан кийинки орунда турат. Эпостогу аялдардын образдарын атайын иликтөөгө алган **Н.Бекмухамедова** алар логикалык жактан ырааттуу жана бүткөрүлгөн системаны түзөрүн белгилей келип, анын **архаикалык Умай эне, сыйкырдуу баатыр кыздар, кадимки эпикалык баатыр кыздар, баатыр аялдар жана кадыресе колуктулар менен энелер сыяктуу типтерин бөлүп көрсөтөт** [5, 107-б.].

Ал эми А.Жайнакова, Лиуфажун, Ч.Сооданбекова, А.Исмаилова, Н.Мол-добаева, Р.Кыдырбаева, Д.Саалиева (ж.б.) сыяктуу манасизилдөөчүлөрдүн эмгектеринде көбүнчө Чыйырды, Каныкей, Кыз Сайкал, Айчүрөк сыяктуу образдар айрым орчундуу маселелер менен бирдикте караштырылат [6]. Бирок айрым фольклористтер баатырлар сыяктуу эле аялдардын образдарын талдоодо бир жактуулукка жол беришкендигин көрөбүз. Маселен, немис фольклористти **Карл Райхл** Э.М.Форстерге кошулуп Алпамыш, Манас, Барчин, **Каныкей**, Каражаң, Тайчихан, **Алманбет** өңдүү түрк элдеринин эпосторунун каармандарын бир топко киргизип, аларды «бир жактуу» (плоский) каармандар деп атайт, б.а., алар бир гана сапатка эгедер каармандар болуп чыгат [7, 281-б]. Манас менен Каныкейде «тереӊ каармандарды» (объемный) карай жылыш бар дегени менен, К.Райхл өзү кеңири талдоого алган казак, каракалпак, өзбек эпосторундай ага сүңгүп кирбегендиги байкалат. Эгер ал эпостун оргиналы менен кеңири таанышкан болсо, Манас, Каныкей, Алманбет сыяктуу татаал образдар тууралуу ал мындай бүтүм чыгарбайт болчу. **А.Хатто** (англис фольклористи) сыяктуу эле К.Райхл түрк элдеринин эпосторунун ичинде **«кыргыз традициясы өзгөчө орунга эгедер»** [7, 12-б.] дейт да, бирок ошол өзгөчөлүк эмнеде экендигин көрсөтпөй, «Манасты» калган эпостор менен бирдей даражада, бирдей ыңгайда эле караштырат. Иш жүзүндө ошол «өзгөчөлүктүн» бири «Манастагы» каармандардын кыйла татаалдыгынан, көп катмарлуулугунан, элдин реалдуу турмушуна алда канча жакындыгынан көрүнөт. Маселен, Каныкейдин образы түрк элдеринин баатырдык эпосторундагы ага жакын образдардан көзгө толумдуулугу, аялзаты (колукту, жар, эне) тууралуу элдик көз карашты өзүнө тереӊ сиңиргендиги менен айырмаланат. Анын жан дүйнөсү да дайыма тынч эмес, намыскөйлүк, жароокерлик, сулуулук, сүйгөн жарга, анын эл-жерине берилгендик, энелик мээрим, Манас, Семетей жана эл үчүн кыйынчылыктарга, керек болсо жан кыюуга даяр туруу, иш билгилик, көрөгөчтүк, акылмандык, сабырдуулук, баатырдык сыяктуу сапат-касиеттер аны идеалдуу аялзаты деген серееге көтөрүп турат. Анын баатырдыгы да турмуш кыстоолорунан келип чыккан зарылдык иретинде берилип, башка баатыр аялдардай апыртылбайт. Ал эми Чыйырдыны нукура турмуштан алынган эненин образы дешке болот. Бакдөөлөт, Арууке, Кыз Сайкал, Карабөрк, Умай эне, Айчүрөк, Канышай, Ороңгу, Куялы, Көкмончок сыяктуу каармандар эпикалык салтка жараша ар биринин өзүнчөлүгү, ага ылайык көтөргөн идеялык-көркөмдүк функциясы бар каармандар катары көрүнөт.

**III. Эпосто дүңүнөн «баатыр» деп аталып, бирок баатырдыгы иш жүзүндө көрүнө бербеген каармандардын тобу бар.** Аларга айрым хандарды, бектерди жана жөн гана санактан өткөрүлүп, өзгөчө иштери (эрдиги, акылмандыгы ж.б.) дээрлик байкалбаган тыңчыкмаларды, ал түгүл, чоролордун бир тобун кошууга болот. Эгерде Ажыбай, Кыргылчал, Сыргак, Шууту, Ырамандын ырчы уулу, Тазбаймат, Серек, Жаш Айдар сыяктуу чоролордун ар бири өзүнчө кулк-мүнөзү, баатырдык жүзү бар каармандар болсо, үйшөңдөрдүн Үмөтү, Үмөт уулу Жайсаңы сындуу чоролор жөн гана санактан өткөрүлүп, өзүнчөлүгү бөлүп көрсөтүлбөй, «элдин арасында, көчтүн карасында» жүргөн адамдар таризинде сыпатталат. Аларга көбүн эсе жоокердик доордун жалпы рухун чагылдырууда көмөкчү роль ыйгарылып, декоративдик фон түзүү милдети жүктөлөт. Жөн гана аты, жери, уруусу аталып, эч бир иш-аракетке катышпаган, пассивдүү каармандар да,

негизинен, ушул топко кирет.

**IV. «Манаста» жалаң эле кызыл кыргын, кандуу согуш сүрөттөлбөйт.** Аскердик-демократиялык түзүлүш, жоокердик замандагы кадыресе турмуш-тиричилик, аны коштогон элдик каада-салт, жөрөлгөлөр баян этилип, аталар, энелер, балдар, жылкычы, койчу, уста, саяпкер, кызматчы, малай сыяктуу жай адамдардын эсте каларлык образдары «Манас» эпосунун энциклопедиялык мүнөздө болушуна шарт түзүп турат. Чыгарманын баалуу жактарынын бири да так ушул жагдайга байланыштуу. Демек, жай адамдардын турмуш-тиричилиги, аларды түйшөлткөн нерселер, дегеле жоокердик замандагы эл, уруу, көчүп-конуу, той-аш өткөрүү маселелери өзүнчө изилденчү кызыктуу проблемалардан экендиги талашсыз.

**V. Эпосто сырткы келбети кадыресе адам катары берилгени менен** конкреттүү портреттик мүнөздөмөсү, иш-аракети абстракция-ланган Баба дыйкан (Баабедин), Умай эне, Кызыр, Шаймерден, Дөөтү, кырк чилтен, дубана (Айкожо) сыяктуу архаикалык аң-сезимди чагылдырган, кайсы бир нерселерге, окуянын андан ары өнүгүшүнө бир ооз сөзү же көз ирмемдик кыймылы менен катуу таасир берген, керемет-сыйкыр, кубулуу касиеттерине ээ болгон образдар бар. Душмандар да ошолорго тете жардамчылардан куру эмес. Баатырлар, айымдар сыяктуу борбордук каармандардан айырмаланып, бул образдар дээрлик индивидуалдаштырылган эмес. Аталган бул «пирлер, негизинен, өзүлөрүнүн аткарган ролу, функциялары боюнча баатырлардын пири, жол көрсөткөн колдоочулары катары бири-бирине өтө жакын фигуралар; экинчиден, бул персонаждар ислам дининин идеяларына, мотивдерине ылайыкташтырылгандыгына карабас-тан… эпостон орун алган мезгили, доору бир кыйла архаикалык, шаманчылык ишенимдерге байланыштуу жана айрым божомолдор боюнча алгачкы общиналык түзүлүшкө таандык; үчүнчүдөн, эпостогу Кызыр, Дөөтү ж.б. пир-колдоочуларга өң-түспөлү, милдети ж.б. касиет-сапаттары боюнча бирдей же абдан окшош персонаждар тектеш элдердин легенда-эпосторунда, Түштүк Сибирь элдеринде кеңири таралган шаманчылык фольклорунда жана башка элдердин (кытай, монгол, тибет, калмак, жапан) диний көз караштарында кеңири кездешет» [8, 159-б.] деген пикирдин чындыкка жакын экендигин белгилей кетүү зарыл.

**VI.** Касиет-сыйкыры жагынан ушул каармандарга жакын турган **аярлар** (Сагымбайда: Ардалык, Атыла, Чүкүрүк, Таскыл ж.б.) жогорку топтогу кейипкерлерге караганда кыйла конкреттүү берилип, шык-жөндөмү, өнөрү жана кыял-жоругунун, пейлинин оң-терстиги боюнча бири-биринен айырмаланып турушат. Аларга борбордук каармандардын бирине жардам-кеңеш берүүчүлүк, жол көрсөтүүчүлүк, элчилик, айла-амал табуучулук милдет жүктөлгөнү менен, түпкүлүгүндө чечүүчү роль ойной алышпайт да, окуялардын финалы негизги каармандардын аракетине байланыштуу болуп калат. Аярларды жогорку пир-колдоочулардын толук адам кейпине келтирилген, иш-аракеттери алда канча конкреттүү түгөйлөрү деп эсептешке да болот. Демек, пир-колдоочулар менен аярлар түпкүлүгүндө эң байыркы түшүнүктөрдү, кабылдоолорду чагылдырган, акырындап трансформацияланган көөнө, мифология-лык образдардын бир топ-группасын түзөрү анык [9].

Адабияттар:

1. Кыдырбаева Р. «Манас» эпопеясын изилдөөнүн өзгөчөлүктөрү. – Китепте: Манастаануу: Окуу китеби. -Б.:И.Арабаев ат. КМУ, 2013.

2. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Каралаевдин варианты боюнча. /Түзгөндөр А.Жайнакова, А.Акматалиев. -Б., 2010. – 1008-б.

3. Кыдырбаева Р. В начале было Слово. -Б., 2013.

4. **Сыдыков А.** Героические мотивы в эпосе «Манас». -Ф., 1982, **Сарыпбеков Р.** «Манас» эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы. -Ф., 1987, 149 б.;

**Рахматуллин К.** Улуу патриот, укмуштуу «Манас». /Ред. А.Токомбаев. -Ф., 1942, 87 б.; **Алымба-ев А.** Манас, Манас болгону: Манастын сырткы сын-сыпаты тууралуу. //Кыргыз руху, 1992, 12-август; **Абдылдаев Э.** Манастын образынын тарыхы тууралуу. –Китепте: Кыргыз фольклорунун тарыхынан: Сын макалалар. -Ф., 1983, 31-72-б.; **Абдыракунов Т.** Алманбеттин ата-теги. //Фрунзе шамы. 1990, 16, 17, 18, 19, 20, 23-июль; **Боронов А.** Чоролор кимдер? //Кыргызстан маданияты. – 1991, № 47, 21-ноябрь; **Жан Йанпин.** Көп улуттуу маданият желесиндеги Алманбеттин образы. Китепте: «Манас» эпосу жөнүндө: Илимий иликтөөлөр жана макалалар. /Түзгөн К.Кырбашев. – Б., 1994, 44-60-б.; **Борбугулов М.** У истоков поэтического образа. //Литературный Кыргызстан. – 1988, № 2. -С. 119-129; **Урманчеев Ф.** Имя эпического героя. //Советская тюркология. – 1986, № 4. -С. 22-33; **Баяс Турал.** Манастын мифтик образы-дүйнөлүк тоо. //И.Арабаев ат. КМУнун Жарчысы. № 4, 2012. - 48-52-б.; **Өмүрканов Т.** «Манас» эпосундагы каарман аттары жана көркөм образ. //Кыргыз тили жана адабияты: илимий-практикалык басылма. -Каракол, 2005, № 9. - 186-192-б.; **Сарыпбеков Р.** Алманбеттин образынын эволюциялык өнүгүшү. - Ф., 1977. - 175 б.; **Дадабаев Ж.** Карахандын ботосу Кабылан уулу Алманбет. **Саалиева Д.** «Манас» эпосунун образдарынын сүрөттөлүш өзгөчөлүктөрү; **Жумалиев К., Деркенбаева Б.** Манастын образы. /Китепте; «Манас» эпосу жана дүйнө эдеринин эпикалык мурасы («Манас» эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоого карата өткөрүлгөн Эл аралык симпозиумдун тезистери). -Б., 1995; **Жамгырчиева Г.** Архаикалык эпостогу баатырды сыпаттоонун айрым өзгөчөлүктөрү. //ОшМУнун Жарчысы. № 4, I чыгарылыш, 2012. - 47-50-б.; **Дүйшембиев С.** «Манас» эпосундагы башкы каарман жана чоролордун образынын эволюциясы. //Тил, адабият жана искусство маселелери: илимий журнал. № 2 (7), 2009. - 158-161-б.; **Иптаров С.** Манас – адам рухунун асманы. /Китепте: «Манас» эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы («Манас» эпосунун 1000 жылдыгын майрамдоого карата өткөрүлгөн Эл аралык симпозиумдун тезистери). -Б., 1995. - 178-180-б.; **Стамов А.** «Манас» деген аттын тек-жайы. //Кыргызстан маданияты. № 46-47, 1993.

5. Бекмухамедова Н. Эволюция женских образов эпоса «Манас». -Б., 1997.

6. Жайнакова А. Аялдардын образы (С.Орозбаковдун вар. б-ча). /Китепте: Манасчылар-кыргыз элинин руханий каармандары. -Б., 1993. - 83-94-б.; **Лиуфажун.** Каныкей - таалайы татаал аялдын образы. /Китепте: «Манас» эпосу жөнүндө: Илимий иликтөөлөр жана макалалар. Түзгөн К.Кырбашев. –Б., 1994. - 30-43-б.; **Молдобаева Н.** Каныкейдин образын-дагы аялзатка мүнөздүү адеп-ахлактын сакталышы. //Ж.Баласагын ат. КУУнун Жарчысы. – 2012, 1-чыгарылышы. - 292-295-б.; **Сооданбекова Ч., Исмаилова А.** «Манас» эпосундагы аялдардын образдарынын түрлөрү. //Ж.Баласагын ат. КУУнун Жарчысы. – 2012, 5-чыгарылышы. - 179-182-б.; **Мурзахме-това Г.** «Манас» эпосундагы кыргыз аялынын идеалы. //И.Арабаев ат. КМУнун жарчысы. 2012, № 4. - 70-75-б.; **Сапаралиев Д.** Аялдар Орто Азия элдеринин коомук-саясий турмушунда. //ДА Кыргызстан: Маданий интеллектуалдык журнал. 2009, № 11. -52-54-б.; Райхл К. Тюркский эпос: традиции, формы, поэтическая структура. –М., 2008.

7. Сыдыков Ш., Сыдыкова Г. «Манас» эпосундагы баатырлардын колдоочу-пирлери жөнүндө. //Кыргыз тили жана адабияты: илимий-практикалык басылма. – Каракол, № 1, 2000. - 154-159-б.

8. **Сыдыков Ш., Сыдыкова Г.** «Манас» эпосундагы баатырлардын колдоочу-пирлери жөнүндө. //Кыргыз тили жана адабияты: илимий-практикалык басылма. – Каракол, № 1, 2000. - 154-160-б.; **Адиев К.** «Манас» эпосундагы жалгыз көздүү персонаждын образы. //Вестник ИГУ, № 2, 1999. - 118-125-б.; **Мурзакметов А.** Кыргыздардын дарактарга байланышкан ишенимдери. //ОшМУнун Жарчысы, 2012, № 4, I чыгарылыш. - 208-212-б.